**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

**2012-жылдын II чейреги үчүн**

**2012-жылдын июль айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Абдыбалы тегин С
Кеңештин мүчөлөрү: Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Бердигулова А.Р.

Жооптуу катчы: Керимкулова Г.А.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 051 телефону,
(996 312) 610 730 факсы
gkerimkulova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 66-90-09 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2012-жылдын 27-июлу.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Издательство "Позитив" полиграфия комплексинде басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2012-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун, таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма, Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма, Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Басылма, чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма, жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма, коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

## МАЗМУНУ

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ..........................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш..................5
1.1.1. Суроо-талап..........................................................................................................5
1.1.2. Сунуш..................................................................................................................11
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар ........................................................................12
1.3. Тышкы экономикалык шарттар........................................................................................17
1.4. Алмашуу курсу.................................................................................................................20

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР..............................................................22

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына иликтөөлөр....................................22
2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа дикамикасы..............................................................23
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баа динамикасы ...................................24
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы ..................................................................25
2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы...................................................26
2.2. Базалык инфляция.............................................................................................................26

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ.............................................................28

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери..........................................................28
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери..........................28

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР...............................................30

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор...........................30
4.2. 2012-жылга жана 2012-жылдын III чейрегине карата инфляцияны болжолдоолор.......31

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ.................................................................................................34

ГЛОССАРИЙ...............................................................................................................................38

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ...........................................................................42

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2012-жылдын январь-июнь айларындагы алдын-ала маалыматтар боюнча ИДӨнүн көлөмү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,6 пайызга төмөндөө менен 114,9 млрд. сомду түзгөн; 2011-жылдын январь-июнь айларында ИДӨнүн көлөмү 4,9 пайызга өскөн. «Кумтөр» алтын кен ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү кароого алынып жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 3,9 пайызга өскөн (2011-жылдын январь-июнь айларында тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 3,7 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2011-жылдын январь-июнь айларындагы 16,7 пайызга каршы 13,7 пайыз чегинде катталган.

2012-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча[1] кирешелерди пайдалануу ыкмасы боюнча эсептелген ИДӨ өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 6,8 пайызга төмөндөгөн (2011-жылдын январь-июнь айларында өсүш 0,6 пайызды түзгөн). ИДӨнүн түзүмүндө чыгашалардын түрлөрү боюнча түпкү керектөөнүн жана дүң топтоонун үлүшүнүн көбөйүүсү байкалууда.

**1.1.1-таблица. Чыгашалар боюнча ИДӨнүн реалдуу өсүш арымы (эгерде башкасы көрсөтүлбөсө)**
*(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил, пайыздарда)*

| | 2011 | | | | 2012 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | I | I |
| | | | | | | үлүш, *пайыздарда* |
| **Колдонулган ИДӨ** | **0,6** | **4,9** | **8,3** | **5,7** | **-6,8** | **100,0** |
| Түпкү керектөө | 6,7 | 8,5 | 6,4 | 5,2 | 11,3 | 127,1 |
| Жекече керектөө | 7,1 | 9,2 | 6,9 | 5,5 | 12,1 | 117,1 |
| Үй чарбасы | 7,5 | 10,0 | 7,2 | 5,6 | 13,0 | 104,1 |
| ҮЧТКУ | 11,2 | 10,7 | 7,3 | 4,7 | -12,1 | 1,2 |
| Мамлекеттик мекемелердики | 2,7 | 3,1 | 4,2 | 4,5 | 4,3 | 11,8 |
| Жамааттык пайдалануу | 3,1 | 3,1 | 2,3 | 2,3 | 2,3 | 10,0 |
| Дүң топтоо | 7,9 | 10,2 | -2,3 | 0,3 | 59,9 | 28,5 |
| Экспорт | -13,8 | 6,6 | 19,5 | 16,5 | -6,4 | 62,7 |
| Импорт | -0,8 | 11,6 | 13,8 | 13,7 | 29,4 | -123,0 |

*Булагы: УСК*

2012-жылдын январь-июнь айларында ички суроо-талаптын өсүшү (түпкү керектөөгө жана дүң топтоого чыгашалардын өсүшү) 2011-жылдын биринчи чейрегиндеги 104,6 пайызга каршы 117,7 пайыз чегинде катталган.

[1] Мында жана мындан ары текст боюнча: буга чейинки мезгилге карата шилтемелер 2012-жылдын биринчи чейреги үчүн маалыматтардын жоктугу менен шартталган.

2012-жылдын январе-июнь айларында импорттун 29,4 пайызга көбөйүүсү, ал эми 2011-жылдын биринчи чейрегинде анын 0,8 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨнүн, ички суроо-талаптын жана акча которууларынын өзгөрүү динамикасы**
*(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил, пайыздарда)*




2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы боюнча акча которуу системалары аркылуу жеке адамдардын акча каражаттарынын түшүүсүнүн көлөмү сакталып калган, ал эми өсүш арымы төмөндөгөн. 2012-жылдын январь-июнь айларында акча которуулардын таза агылып кирүүсү 15,0 пайызга көбөйүү менен 748,0 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми 2011-жылдын жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча өсүш 43,6 пайыз чегинде катталган. Акча которуулардын жалпы көлөмүндө негизги үлүштү, мурдагыдай эле, КМШ өлкөлөрүнөн (Россиядан – 95,9 пайыз, Казакстандан – 1,9 пайыз) түшүүлөр ээлейт. Алыскы чет өлкөлөрдөн жеке адамдардын акча которууларынын жалпы агылып кирүүсүнөн 2,2 пайыз түшкөн.

**1.1.2-таблица. Жеке адамдардын акча которуулар системасы боюнча которуулары**
*(млн. АКШ долл.)*

| | 2009 | 2010 | январь-июнь 2011 | январь-июнь 2012** |
|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **893,2** | **1 124,9** | **650,6** | **748,0** |
| **Агылып кирүүлөр** | **966,7** | **1 252,6** | **732,4** | **860,0** |
| КМШ өлкөлөрү | 894,4 | 1 199,3 | 701,3 | 841,2 |
| Казакстан | 31,4 | 35,0 | 16,8 | 16,6 |
| Россия | 862,9 | 1 164,3 | 684,0 | 824,5 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,6 | 0,1 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 72,3 | 53,3 | 31,0 | 18,8 |
| Бельгия | 0,5 | 0,2 | 1,3 | 0,0 |
| Улуу Британия | 1,4 | 1,4 | 0,8 | 0,7 |
| Германия | 0,7 | 9,9 | 10,9 | 3,5 |
| АКШ | 69,5 | 41,7 | 17,3 | 14,2 |
| Жана башкалар | 0,3 | 0,1 | 0,7 | 0,4 |
| **Агылып чыгуулар** | **73,6** | **127,6** | **81,8** | **112,0** |
| КМШ өлкөлөрү | 71,8 | 125,8 | 80,1 | 109,2 |
| Казакстан | 0,7 | 0,4 | 0,4 | 0,4 |
| Россия | 71,1 | 125,4 | 79,5 | 108,7 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 0,1 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,8 | 1,8 | 1,7 | 2,8 |
| Бельгия | 0,2 | 0,5 | 0,2 | 0,1 |
| Германия | 0,4 | 0,3 | 0,8 | 0,7 |
| АКШ | 1,1 | 0,9 | 0,5 | 1,6 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,2 | 0,2 | 0,4 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары жана "Кыргызпочтасы" МИ аркылуу которуулар.

** алдын ала алынган маалыматтар.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2011-жылдын январь-сентябрь айларында үй-чарбасы боюнча жүргүзүлгөн талдап иликтөөлөрдүн натыйжасы боюнча, калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмүндө акчалай кирешелердин концентрацияланууу үлүшү, кирешелердин жалпы көлөмүндө мурдагыдай эле, кыйла камсыз болгон калктын пайдасына туура келет. Алсак, кыйла камсыз болгон топтун кирешелеринин үлүшү 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 0,9 п.п көбөйүү менен 2011-жылдын январь-сентябрь айларында калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 45,9 пайызын түзгөн. Начар камсыз болгон калктын 20 пайызынын кирешелеринин үлүшү 0,3 п.п. төмөндөө менен 5,7 пайыз чегинде катталган.

**1.1.2-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**
*(жыл башынан бери)*




Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2012-жылдын январь-июнь айларында ИДӨгө карата 3,9 млрд. сомду же 3,4 пайызды түзгөн (өткөн жылдын январь-июнь айларында бюджет ИДӨгө карата 0,2 пайыз өлчөмүндө тартыштык менен аткарылган).

Алынган расмий трансферттерди кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерден кирешеси 2011-жылдын январь-июнь айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 12,3 пайызга же 4,5 млрд. сомго көбөйүү менен 40,6 млрд. сом (ИДӨгө карата 35,3 пайыз) чегинде катталган. Кирешелердин өсүшүнө салыктык кирешелер олуттуу салым кошсо (16,7 п.п.), салыктык эмес кирешелердин салымы 0,8 п.п. түзгөн. Алынган расмий трансферттер өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 49,0 пайызга төмөндөгөн жана албетте, мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин өсүшүнө терс (-5,2 п.п.) салымын кошкон.

2012-жылдын январь-июнь айларында мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 24,7 пайызга же 8,5 млрд. сомго көбөйүү менен ИДӨгө карата 42,7 млрд. сом же 37,2 пайыз чегинде катталган. Чыгашалардын көбөйүүсү негизинен, эмгек акы, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, ошондой эле субсидияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча чыгашалардын өсүшүнө байланыштуу болгон.

Функционалдык классификациялоо боюнча мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын көбөйүүсү социалдык багытка ээ. Алсак, билим берүүгө чыгашалар ИДӨгө карата 2012-жылдын биринчи чейреги ичинде 2011-жылдын январь-июнь айларындагы көрсөткүчкө салыштырганда

2,5 п.п, саламаттыкты сактоого – 1,5 п.п, социалдык коргоого – 1,0 п.п. көбөйгөн.

Финансылык эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 1,8 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдын январь-июнь айларындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 333,3 млн. сомго же 15,5 пайызга аз.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын-ала маалыматтары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин тартыштыгы 0,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,1 пайызды, кирешелери – 14,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 12,6 пайызды, чыгашалары – 14,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 12,7 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджеттин тартыштыгы (мамлекеттик бюджет + Социалдык фонддун бюджети) отчеттук мезгил ичинде 4,0 млрд. сом же ИДӨгө карата 3,4 пайыз чегинде катталган. Кирешелер ИДӨгө карата 48,1 млрд. сомду же 41,8 пайызды, ал эми ал эми чыгашалар – ИДӨгө карата 52,0 млрд. сомду же 45,3 пайызды түзгөн.

**1.1.3-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*




Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2011-жылдагы ошол эле көрсөткүчкө салыштырганда 10,2 пайыга көбөйүү менен 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 24,9 пайыз төмөндөөгө каршы 18,3 млрд. сомду түзгөн. Инвестициялардын тармактык түзүмүндө салымдардын негизги үлүшүн тоо-кен өнөр жайы, (31,8 пайыз), транспорт жана байланыш («Талас-Тараз-Суусамыр», «Ош-Иркештам», «Ош-Исфана», «Бишкек-Нарын-Торугарт», «Түштүк транспорттук коридору» унаа жолдорун реконструкциялоо боюнча долбоорго инвестицияларды көбөйтүү, «Аймактык жол коридорун жакшыртуу» долбоору боюнча жолдорду реабилитациялоо) – 10,5 пайыз, кайра иштетүү өнөр жайы – 8,3 пайыз, соода – 7,7 пайызды ээлейт.

**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | январь-июнь 2011 | январь-июнь 2012 | январь-июнь 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы болуп, *млн. сом* | | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Бардыгы** | **15 816,5** | **18 301,0** | **100,0** | **110,2** |
| **Ички инвестициялар** | **13 205,0** | **14 520,4** | **79,3** | **104,7** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттарды кошо алганда) | 1 064,8 | 567,0 | 3,1 | 50,5 |
| Жергиликтүү бюджет | 107,7 | 144,4 | 0,8 | 127,3 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 6 656,2 | 8 093,9 | 44,2 | 116,4 |
| Банктын кредити | 214,3 | 171,5 | 0,9 | 76,7 |
| Калктын каражаты | 5 162,0 | 5 543,6 | 30,3 | 101,7 |
| **Тышкы инвестициялар** | **2 611,5** | **3 780,6** | **20,7** | **137,6** |
| Чет өлкө кредити | 1 265,5 | 1 383,6 | 7,6 | 104,5 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 957,3 | 1 605,4 | 8,8 | 160,0 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 388,7 | 791,6 | 4,3 | 190,0 |

*Булагы: УСК*

Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө 2012-жылдын январь-июнь айларында, инвестициялардын жалпы көлөмүндө олуттуу үлүштү ээлеген ички инвестициялар 4,7 пайызга, ал эми тышкы булактардын эсебинен инвестициялар өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 37,6 пайызга көбөйгөн. Тышкы инвестициялардын көбөйүүсү чет өлкө гранттарынын жана гуманитардык жардамдын бөлүнүшүнө (1,9 эсеге), ошондой эле чет өлкө инвестицияларынын үлүшүнүн көбөйүүсүнө (1,6 эсеге) шартталган.

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 22,0 пайызга көбөйүү менен 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында 34,9 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын биринчи жарым жылдыгында коммерциялык банктардын кредит портфели 11,0 пайызга өскөн). Өлкөнүн коммерциялык банктары тарабынан кредиттөөнүн көбөйүүсү экономиканын бардык тармактарында белгиленүүдө. Берилген кредиттердин олуттуу үлүшү «соода жана коммерциялык операциялар» жана «айыл чарбасы» тармагына туура келет.

**1.1.4-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | январь-июнь 2011 | | январь-июнь 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **28 599,6** | **111,0** | **34 904,4** | **122,0** |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 12 781,9 | 115,2 | 14 578,6 | 114,1 |
| Айыл чарбасы | 3 997,9 | 119,8 | 4 683,6 | 117,1 |
| Өнөр жайы | 1 618,9 | 117,6 | 1 759,1 | 108,7 |
| Ипотека | 2 759,6 | 94,0 | 3 271,7 | 118,6 |
| Курулуш | 1 736,7 | 90,0 | 1 837,0 | 105,8 |
| Керектөө кредиттери | 2 216,3 | 117,9 | 3 191,7 | 144,0 |
| Жана башкалар | 2 909,7 | 103,1 | 4 542,2 | 156,1 |

### 1.1.2. Сунуш

Кароого алынып жаткан жылдын январь-июнь айларында ИДӨнүн төмөндөөсүнө негизги салымды көбүнчө, «Кумтөр» тоо-кен ишканаларындагы өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөөсүнүн эсебинен, өнөр жай ишканалары (-8,1 п.п.) кошушкан. Кызмат көрсөтүүлөр алгылыктуу салым кошушкан, ал отчеттук мезгил ичинде 2,3 п.п. түзгөн.

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандагы сунуштоонун көлөмү 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында ИДӨнүн жалпы көлөмүндө соода сектору менен 16,4 пайызга, айыл чарба продукциясы менен – 12,9 пайызга, иштеп чыгуу өнөр жайы менен – 11,8 пайызга, транспорт жана байланыш менен– 9,8 пайызга камсыз болгон.

**1.1.5-таблица. ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | **январь-июнь 2011** | | **январь-июнь 2012** | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң өнүм** | **4,9** | **4,9** | **-5,6** | **-5,6** |
| Дүң кошулган нарк | 4,9 | 4,3 | -5,6 | -5,0 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 1,3 | 0,1 | 1,2 | 0,1 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 11,3 | 0,1 | 6,6 | 0,1 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 12,9 | 2,5 | -42,6 | -8,7 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 26,8 | 1,1 | 13,0 | 0,5 |
| Курулуш | -28,4 | -1,4 | 20,0 | 0,7 |
| Соода, ремонт | 3,1 | 0,5 | 8,1 | 1,3 |
| Мейманканалар жана тойканалар | 7,5 | 0,1 | 8,8 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 12,9 | 1,2 | 6,9 | 0,7 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 8,1 | 0,0 | -1,4 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | -1,6 | -0,1 | -4,5 | -0,2 |
| Мамлекеттик башкаруу | 4,6 | 0,2 | 2,6 | 0,2 |
| Билим берүү | -1,2 | -0,1 | 5,6 | 0,3 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 1,9 | 0,1 | 2,4 | 0,1 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | 0,2 | 0,0 | -5,0 | -0,1 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 4,9 | 0,5 | -5,6 | -0,7 |

*Булагы: КР УСК*

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2012-жылдын биринчи чейрегинде өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси (ФКИ) 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 31,6 пайызга төмөндөгөн (2011-жылдын январь-июнь айларында өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 14,9 пайызга өскөн). Өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн төмөндөөсү, негизинен, иштеп чыгуу өнөр жайында өндүрүштүн көлөмүнүн 42,6 пайызга кыскаруусуна, текстилдик жана тигүү өндүрүшүнүн (21,0 пайыз) төмөндөөсүнө шартталган. «Кумтөр» алтын кен ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин 8,2 пайыз деңгээлинде өсүшү белгиленген, мында 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүч 16,9 пайызга өскөн.

Айыл чарбасында алдын-ала маалыматтар боюнча, 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында физикалык көлөмүнүн индексинин 1,2

пайыз деңгээлинде (2011-жылдын январь-июнь айларында айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 1,3 пайызга өскөн) өсүшү белгиленген.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча отчеттук мезгил ичинде соода жүгүртүүнүн 8,9 пайызга (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде 3,5 пайызга көбөйүү байкалган) көбөйгөндүгү байкалган. Анын ичинде дүң сооданын 8,6 пайызга жана чекене сооданын (автоунааларды жана мотор майларын сатууну кошпогондо) – 6,1 пайызга өсүшү белгиленген.

**1.1.6-таблица. Соода операцияларынын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | январь-июнь 2011 | | январь-июнь 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **103,5** | **100,0** | **108,9** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 3,0 | 107,4 | 2,9 | 104,6 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,5 | 111,5 | 0,5 | 104,0 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 32,2 | 102,9 | 31,6 | 108,6 |
| Дүң соода | 9,7 | 116,2 | 12,0 | 127,7 |
| Чекене соода | 54,4 | 101,5 | 52,9 | 106,1 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 89,2 | 0,2 | 105,1 |

*Булагы: КР УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Акча базасы 2012-жылдын экинчи чейрегинде 5,4 пайызга (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – 10,8 пайыга) же 2,9 млрд. сомго көбөйүү менен 2012-жылдын 1-июлуна карата 56,7 млрд. сомду түзгөн. Өкмөттүн операциялары акча базасын 3,9 млрд. сомго көбөйтсө, Улуттук банк акча-кредит саясатынын инструменттери аркылуу 1,0 млрд. сомго төмөндөткөн (2011-жылдын экинчи чейрегинде акча базасынын көбөйүүсү 4,8 млрд. сомду түзсө, Өкмөттүн жана Улуттук банктын операциялары акча базасын, тиешелүүлүгүнө жараша 3,2 млрд. сомго жана 1,6 млрд. сомго көбөйткөн).

Жүгүртүүдөгү акчалар кароого алынып жаткан мезгил ичинде 6,3 пайызга көбөйүү менен (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 11,5 пайызды түзгөн) 2012-жылдын 1-июлуна карата 51,4 млрд. сомду түзгөн.

Акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшү 2012-жылдын биринчи чейрегинин акырындагы 89,9 пайыздан ушул эле жылдын экинчи чейрегинин акырына карата 90,6 пайызга чейин көбөйгөн, буга ылайык, коммерциялык бакнтардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттардын үлүшү 10,1 пайыздан 9,4 пайызга чейин азайган.

### М2 акча топтому

М2 акча топтому ( (М0) банктардан тышкаркы акча+ сом түрүндөгү

депозиттер) 2012-жылдын экинчи чейрегинде 7,5 пайызга (2011-жылдын экинчи чейрегинде көбөйүү пайызды түзгөн 10,1 пайыз) көбөйүү менен ушул эле жылдын 1-июлуна карата 67,2 млрд. сомду түзгөн. М2 акча топтомун түзүүчүлөр төмөнкүчө өзгөрүшкөн: сом түрүндөгү депозиттер 13,2 пайызга, анын ичинде мөөнөттүү депозиттер – 16,1 пайызга, которулма депозиттер (талап кылганга чейин) – 11,5 пайызга; банктардан тышкаркы акчалар (М0) –5,5 пайыз көбөйгөн.

**М2Х акча топтому**

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х (М2 + чет өлкө депозиттери) акча массасынын көлөмү экинчи чейрек ичинде 9,2 пайызга көбөйүү менен (2011-жылдын экинчи чейрегинде М2Х акча массасынын көбөйүүсү 9,6 пайызды түзгөн) 2012-жылдын 1-июлуна карата 88,4 млрд. сомду түзгөн. М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү 14,0 пайызга көбөйгөн, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер 14,8 пайызга, сом түрүндөгү депозиттер –13,2 пайызга (2011-жылдын экинчи чейрегинде банктардан тышкаркы акчалардын көбөйүүсү 11,4 пайызга, ал эми депозиттердин жалпы көлөмү – 7,1 пайызга) көбөйгөн.

М2Х акча массасынын түзүмү 2012-жылдын экинчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча төмөнкүчө өзгөргөн:

- банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 56,9 пайыздан 54,9 пайызга чейин;
- сом түрүндөгү депозиттердин үлүшү 20,4 пайыздан 21,2 пайызга чейин;
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 22,7 пайыздан 23,9 пайызга чейин.

Финансы ортомчулугунун деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири маанидеги акчалардын мультипликатору кароого алынып жаткан чейрек ичинде 2012-жылдын июнь айынын акырындагы 1,505 тен 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 1,559 ге чейин көбөйгөн (2011-жылдын июнь айынын акырына карата – 1,462).

М2Х акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монеттештирүү коэфициенти 2012-жылдын биринчи чейрегинин акырындагы 27,4 пайыздан экинчи чейректин акырына карата 28,3 пайызга чейин (2011-жылдын июнь айынын акырына – 27,3 пайызга) көбөйгөн. М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын жүгүртүү тездиги кароого алынып жаткан мезгил ичинде отчеттук жылдын март айынын акырындагы 3,6 дан июнь айынын акырына карата 3,5 ке чейин (2011-жылдын июнь айынын акырына карата– 3,7) төмөндөгөн.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**




2012-жылдын апрель-июнь айларында финансы рыногунда, бүтүндөй алганда банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктүн олуттуу өзгөрүүлөрүнүн болбогондугунан улам калыптанган, биринчи чейректеги негизги тенденциялардын сакталып калгандыгы байкалган. Ошол эле учурда, кароого алынып жаткан мезгилде рыноктун айрым катышуучулары тарабынан карыздык каражаттарга суроо-талаптын жогорулоосу белгиленген, бул өз кезегинде, банктык карыз алуулар ички рыногунун жигердүүлүгүнүн өсүшүнө таасирин тийгизген. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыноугунун бардык сегменттеринде сакталып турган динамиканын кирешелүүлүгүнүн төмөндөөсү шарттарында, инвесторлор тарабынан төлөө мөөнөтү бир кыйла узак болгон киреше кагаздары жогорку суроо-талапта пайдаланылышын улантышты.

**1.2.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




2012-жылдын экинчи чейрегинде Улуттук банк, 7 жана 14 күндүк ноталарды сунуштоо көлөмүн төмөндөткөн жана 28 күндүк кагаздардын

эмиссиясынын көлөмүн көбөйткөн. Ноталарды жыйынтыктап сунуштоо 16,9 пайызга, 7,4 млрд. сомго чейин кыскарган. Кароого алынып жаткан мезгилде суроо-талап салыштырмалуу жогорку деңгээлде сакталып турган 28 күндүк ноталарды сатуу үлүштүк маанисинде 6,3 млрд. сомго же 88,9 пайызга жеткен. Кыйла кыска ноталарга инвесторлордун суроо-талабы төмөндөгөн, натыйжада тоорукка коюлган 1,1 млрд. сом өлчөмүндөгү 7 жана 14 күндүк кагаздардын бүтүндөй көлөмүнүн 788,3 млн. сому гана жайгаштырылган. Ошентип, сатуунун жалпы көрсөткүчү өткөн чейрекке салыштырганда 16,6 пайызга төмөндөө менен апрель-июнь айларында 7,1 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ноталардын бардык түрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн төмөндөөсү уланган: жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 5,2 пайызды түзүү менен 1,0 пайыздык пунктка, 14 күндүк ноталардыкы 1,4 пайыздык пунктка, 6,2 пайызга чейин, 28 күндүк ноталардыкы 2,5 пайыздык пунктка, 8,0 пайызга чейин (2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 1,3 п.п., 14 күндүк ноталардыкы 1,5 п.п., 28 күндүк ноталардыкы 2,3 п.п. төмөндөгөн).

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**




Июнь айынын акырына карата абал боюнча эсептик чен жыл башынан бери 5,5 п.п. төмөндөө менен 8,1 пайызды түзгөн. Натыйжада, «овернайт» кредити боюнча чен чейрек ичинде орточо алганда 10,2 пайыз өлчөмүндө түптөлүү менен төмөндөсө, бир мезгил ичинде берилген «овернайт» кредиттеринин көлөмү 719,0 млн. сомду түзгөн.

МКВларды сатуунун чогуу алгандагы көлөмү экинчи чейректе өткөн мезгилдегиге салыштырганда 30,2 пайызга, 1,3 млрд. сомго чейин жогорулаган. Сатуунун өсүшүнө инвестициялык көз карашынан алганда кыйла ийкемдүү 12 айлык баалуу кагаздардын сунушунун үчтөн бирине көбөйүүсүнүн эсебинен калыптанган, эмиссиянын жарыяланган көлөмүнүн жогорулоосу өбөлгө түзгөн. Өз кезегинде, сатуунун жалпы түзүмүндө 81,8 пайыз үлүштү ээлеген 12 айлык МКВларды жайгаштыруунун жогорулоо

динамикасы 3 жана 6 айлык векселдерди жайгаштыруунун көлөмүнүн төмөндөөсү алкагында, сатуунун түптөлгөн көрсөткүчүнө жетишүүгө чечүүчү таасирин тийгизген. Баалуу кагаздар боюнча кирешелүүлүктүн орточо айлык көрсөткүчү жүгүртүү мөөнөтү 6 жана 12 айлык МКВлардын сегментинде кирешелүүлүктүн, тиешелүүлүгүнө жараша 3,2 п.п., 8,3 пайызга жана 3,0 п.п., 10,3 пайызга чейин төмөндөөсүнүн эсебинен 9,9 пайызга (-2,3 п.п.) азайган, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү бир аз 6,6 пайызга (+0,1 п.п.) чейин жогорулаган. 2011-жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда, МКВлардын кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээлинин көрсөткүчү 8,4 п.п. азайган. Мында, 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 2,7 п.п., 6 айлык МКВлардыкы – 5,8 п.п., 12 айлык МКВлардыкы 9,9 п.п. азайган.

2012-жылдын апрель-июнь айларында жылдын алгачкы үч айы ичинде сыяктуу эле, МКОлордун үч аукциону болуп өттү, анда жалпысынан 461, 9 млн. сом суммасында баалуу кагаздарды жайгаштыруу жүзөгө ашырылган, бул өткөн чейректин тиешелүү көрсөткүчүнөн 51,3 пайызга жогору. 2 жылдык казына облигацияларына суроо-талап, мурдагыдай эле, ири коммерциялык банктардын биринин атынан иш алып барган инвестордун жигердүүлүгүнүн эсебинен колдоого алынган, ал өткөн чейрекке караганда рынокко катышуу көрсөткүчүн бир аз көбөйткөн. Мындан тышкары, 2-чейректин жыйынтыгы боюнча түптөлгөн сатуу көрсөткүчүнө жетишүүгө олуттуу салым, 2011-жылдын акыркы айларында МКОлор рыногунда жогорку жигердүүлүгүн көрсөткөн институционалдык инвесторлордун бири тарабынан салынган. Баалуу кагаздардын эмиссиянын көлөмүнүн өсүшүнүн алкагында рыноктун жигердүүлүгүнүн жогорулоосунан кийин, чейректин жыйынтыгы боюнча 14,5 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн орточо айлык пайыздык чендин төмөндөөсү жүргөн, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 1,5 пайыздык пунктка төмөн (2011-жылдагы салыштыруу үчүн алынган мезгилге карата МКО 5,0 п.п. төмөндөгөн).

**1.2.4-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**



Банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн экинчи чейректе орун алган салыштырмалуу туруктуу деңгээлине карабастан, карыз алуулардын ички банктар аралык рыногунда ишкердик жигердүүлүктүн өсүшү белгиленген. Буга өлкөнүн банк тутумунда үстөк камдардын бирдей бөлүштүрүлбөгөндүгү негизги себеп болгон, алсак, апрель-июнь айларында ликвиддүүлүк боюнча жалпы абал, өлкөнүн бир кыйла ири финансы-кредит мекемелеринде ашыкча акча массасынын болушунун таасири астында калыптанган, ал эми башка көпчүлүк банктарда көлөмү боюнча бир кыйла аз болгон бул көрсөткүчтүн ар багыттуу динамикасы байкалган.

Алгачкы үч айдын натыйжаларына салыштырганда, карыз алуулардын жалпы көлөмү рыноктун бардык сегменттериндеги операциялардын көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен 86,2 пайызга, 2,6 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Улуттук жана чет өлкө валюталарындагы жөнөкөй кредиттик бүтүмдөрдүн үлүшүнүн олуттуу өсүшүнө карабастан, репо-операциялары сандык мааниде 1,9 млрд. сомго (+42,3 пайызга) жетүү менен ички банктар аралык рынокто үстөмдүк кылуучу абалды сактап турууну улантышкан. Ошол эле учурда, жөнөкөй сом түрүндөгү кредиттик операциялардын өлчөмү 587,0 млн. сомду түзүү менен 14,7 эсеге өскөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде репо операциялары боюнча пайыздык чендин орточо салмактанып алынган мааниси 2,6 пайыздык пунктка, 7,7 пайызга чейин, ал эми сом түрүндөгү кредиттик операциялар боюнча 3,1 пайыздык пунктка, 6,9 пайызга чейин төмөндөгөн. 2011-жылдын ушундай эле чейрегиндеги орточо салмактанып алынган пайыздык ченге салыштырганда улуттук валютадагы репо жана жөнөкөй кредиттик операциялар боюнча чен, тиешелүүлүгүнө жараша 2,0 жана 3,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилде чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмү кредиттик ресурстардын ички банктар аралык рыногунда жылдык 0,2 пайыз орточо пайыздык чен менен сомдук эквивалентинде 206,8 млн. сомду түзгөн.

## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы[1] 2011-жылдын салыштыруу үчүн мезгилине караганда 2012-жылдын экинчи чейрегинде 2,1 эсеге көбөйүү менен 806,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы соода жүгүртүү 1 636,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдагы көрсөткүчтөн 12,7 пайызга жогору.

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча, эгер башкасы көрсөтүлбөсө.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2011-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 22,6 пайызга кыскаруу менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 415,2 млн. АКШ доллары чегинде түптөлгөн. Отчеттук мезгил ичинде алтындын экспортунун көлөмүнүн төмөндөөсү уланган, натыйжада, бул позициянын салыштырма салмагы экспорттун чогуу алгандагы көлөмүндө 41,5 пайыздан 21,2 пайызга чейин (абсолюттук мааниде 88,1 млн. АКШ долларына) кыскарган. Мындан тышкары, электр тогун, мурда пайдаланууда болгон жеңил автоунааларды, дизель отунун, ошондой эле автомобиль тетиктерин жана ага тиешелүүлөрдү берүүлөрдүн төмөндөөсү белгиленген. Ушуну менен катар эле, жүк ташуу үчүн жана атайын багытка каралган автоунааларды, кендерди жана баалуу металл аралашмаларын, жемиштерди жана жаңгактарды берүүлөрдүн көбөйүүсү байкалган.

Отчеттук мезгилде экспорттолуучу товарлардын негизги топторунун салыштырма салмагы[1] төмөнкүчө түптөлгөн: аралык товарлар экспорттун чогуу алгандагы каөлөмүндө 37,1 пайызды, керектөө товарлары – 35,6 пайызды, инвестициялык товарлар – 9,8 пайызды, чийки заттар жана энергопродукциялар– тиешелүүлүгүнө жараша, 9,7 жана 7,8 пайызды түзүшкөн.

Керектөө багытындагы товарлардын экспорту 126,4 млн. АКШ долларын түзүү менен 0,9 пайызга өскөн. Мындай тенденция азык-түлүк товарларын берүүлөрдүн 9,9 пайызга өсүшү менен камсыз болгон, ал эми азык-түлүктөн башка товарлар 5,3 пайызга төмөндөгөн.

Азык-түлүк товарларын берүүлөрдүн көбөйүүсү, көбүнчө, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында, жемиштердин жана жаңгактардын экспортунун нарктык көлөмүнүн өсүшүнөн (60,8 пайызга же 5,2 млн. АКШ долларына) улам келип чыккан. Мындан тышкары, отчеттук чейрек ичинде экспорттук баалардын өсүшүнүн

[1] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

натыйжасында жашылчаларды берүүлөрдүн көлөмү 8,9 пайызга же 2,0 млн. АКШ долларына өскөн. Мында, сүт азыктарына карата экспорттук баалардын төмөндөөсүнөн улам, аларды ташып чыгаруунун нарктык көлөмүнүн кыскаруусу (14,7 пайызга же 1,4 млн. АКШ долларына) жүргөн.

Азык-түлүктөн башка товарлардын түзүмүндө экспорттун көлөмүнүн төмөндөөсү мурда пайдаланууда болгон жеңил автоунаалар (86,5 пайызга же 5,6 млн. АКШ долларына) жана ысытуу лампалары (25,8 пайызга же 1,3 млн. АКШ долларына) сыяктуу товардык позициялардын, көбүнчө, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусунун эсебинен жүргөн. Ушуну менен бирге эле, кийим-кечени жана ага тиешелүү буюмдарды (7,1 пайызга же 3,5 млн. АКШ долларына) жана бут кийимди берүүлөрдүн өсүшү (17,5 пайызга же 0,1 млн. АКШ долларына) белгиленген.

Товарлардын импорту[1] ФОБ баасында 2012-жылдын отчеттук чейрегинде 1 221,3 млн. АКШ долларын түзүү менен 33,4 пайызга өскөн. Мунай заттары (54,0 пайызга же 106,4 млн. АКШ долларына өсүш), жүк ташуу үчүн жана атайын багытка каралган автоунаалар, (2,3 эсеге же 22,5 млн. АКШ долларына өсүш), башка органикалык эмес химиялык заттар (4,5 эсеге же 19,2 млн. АКШ долларына өсүш), мурда пайдаланууда болгон жеңил автоунаалар (36,1 пайызга же 16,8 млн. АКШ долларына) жана тартылбаган дан жана угут (2,0 эсеге же 10,4 млн. АКШ долларына өсүш), импорттун динамикасын аныктаган негизги статьялардан болушкан.

Импорттун функционалдык түзүмүндө[2] кароого алынып жаткан мезгил ичинде инвестициялык товарлардын (16,4 пайызга, өсүш 3,5 пайыздык пункт чегинде катталган) жана энергопродуктулардын (25,2 пайызга, өсүш 2,0 пайыздык пунктка) салыштырма салмагынын өсүшү байкалган. Мунун натыйжасында, нарктык көлөмдүн өсүшүнө карабастан, керектөө товарларынын үлүшү 31,1 пайызга чейин кыскарган. Аралык товарлар импорттун 24,1 пайызын, чийки заттар– 3,2 пайызын ээлешкен. Отчеттук чейрек ичинде керектөө багытындагы товарлардын импорту 11,2 пайызга көбөйүү менен 411,7 млн. АКШ доллары көлөмүнө жеткен. Мында, азык-түлүктөн башка товарлардын импорту боюнча азык-түлүк товарларына караганда, (тиешелүүлүгүнө жараша, 16,6 жана 2,5 пайыз) кыйла ыргактуу тенденциясы байкалууда.

Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө, импорттук баалардын өсүшүнүн натыйжасында башка тамак-аш азыктарынын[3] (59,4 пайызга же 4,9 млн. АКШ долларына) жана дан өсүмдүктөрдөн жасалган азыктардын жана ундун (10,9 пайызга же 0,8 млн. АКШ долларына) импортунун көлөмү көбөйгөн. Ушуну менен катар эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусу ундун импортунун нарктык көлөмүнүн (55,2 пайызга же 6,5 млн. АКШ долларына), сыранын (44,2 пайызга же 3,0 млн. АКШ долларына) жана

[1] СИФ импорту 1 323,9 млн. АКШ долл., соода балансынын тартышыгы – 908,7 млн. АКШдолл. түзгөн.

[2] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

[3] Тамак-ашка кошуу үчүн арналган витаминдердин жана минералдык заттардын аралашмасы, белок кошулмалары, балдар үчүн азыктар ж.б.

канттын нарктык көлөмүнүн (6,0 пайызга же 1,1 млн. АКШ долларына) төмөндөөсүн шарттаган.

Азык-түлүктөн башка товарлардын курамында көбүнчө физикалык көлөмдүн көбөйүүсүнүн эсебинен мурда пайдаланууда болгон жеңил автоунааларды берүүлөрдүн нарктык көлөмүнүн 36,1 пайызга (16,8 млн. АКШ долларына) жана сигареттин (33,2 пайызга же 3,6 млн. АКШ долларына) өсүшү байкалган. Мында, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөөсү республикага дары-дармектердин түшүүлөрүнүн (18,8 пайызга же 5,6 млн. АКШ долларына) жана эфир майларынын (6,4 пайызга же 1,3 млн. АКШ долларына) кыскаруусун шарттаган.

## 1.4. Алмашуу курсу

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өтүп жаткан жылдын февраль айында байкалган, АКШ долларынын курсунун ырааттуу өсүш тенденциясы сакталып калгандыгы белгиленген. Отчеттук мезгил ичинде өлкөнүн валюта рыногунда туруктуу жагдай сакталып турган- апрель-май айларында рыноктук суроо-талап менен сунушта бейтеңдемдиктин жок болушу шартында, доллардын курсунун алгылыктуу өзгөрүүсү 0,2 пайызды түзгөн. АКШ долларынын өсүшүнө июнь айында негизги салым кошулган, бул мезгил ичинде америка валютасынын наркы айдын акырына карата абал боюнча 0,7 пайызга, бир АКШ доллары үчүн 47,2445 сомго чейин көбөйгөн (2011-жылдын июнь айында курс 0,4 пайызга төмөндөгөн). Банктардын КММларды жана керектөө товарларын берүү боюнча кардарлардын импорттук контрактыларын тейлөө боюнча операцияларынын көлөмүнүн сакталып калышы, ошондой эле микрокредиттик компаниялар тарабынан чет өлкө кредиттеринин төлөнүшү, апрель-июнь айларында АКШ долларына карата суроо-талаптын сакталып турушунун негизги себебинен болгон.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде валюта рыногунда сакталып турган туруктуулук, Улуттук банктын валюта рыногуна катышуусун минималдаштырууга өбөлгө түзгөн. Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында, Улуттук банк, рыноктун июнь айынын биринчи декадасында орун алган муктаждыгын 8 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү валютада компенсациялаган. Ошентип, Улуттук банк тарабынан жүзөгө ашырылган АКШ долларын сатуу боюнча операциялардын көлөмү өткөн чейрекке салыштырганда 77,2 пайызга азайган, ал эми валютаны сатып алуу боюнча операциялар экинчи чейректе жүзөгө ашырылган эмес (2011-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда Улуттук банктын валюта каражаттарын сатуу боюнча операцияларынын көлөмү 72,4 пайызга азайган). АКШ доллары Улуттук банктын интервенция ишке ашырылган валютасы болуп саналат, башка валюталарда алмашуу операциялары жүргүзүлгөн эмес.

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүш арымы**



# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына иликтөөлөр

Керектөө бааларынын индексинин жылдык мааниси 2012-жылдын июнь айында (2011-жылдын июнуна карата) 99,5 пайызды түзгөн, ал эми 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүч 122,8 пайыз чегинде катталган. КБИ куржунун түзүмүндө азык-түлүк товарлар тобуна баанын төмөндөөсү 10,3 пайызды түзсө, азык-түлүктөн башка товарлар жылдык мааниде 9,8 пайыз кымбаттаган, ал эми алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына баалар 10,0 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө 11,7 пайызга өскөн.

2012-жылдын экинчи чейрегинде республикада негизги азык-түлүк товарларына (нан азыктарына жана тарууга, жемиштерге жана жашылчаларга, этке, сүт азыктарына, майга жана тоң майга) баалардын төмөндөөсү уланган, бул көбүнчө дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баалардын төмөндөөсүнүн жана мөмө-жемиш продукцияларына сезондук дефляциянын алкагында жүргөн.

Акыркы мезгил аралыгында азык-түлүктөн башка товарларга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө, ошондой эле алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына баалардын динамикасы 3-8 пайыз кыйла тар диапозондо өзгөрүлүп турууда.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөр**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде керектөө бааларынын индекси 100,1 пайызды (2011-жылдын экинчи чейрегинде – 100,8 пайызды) түзгөн. Анын ичинде тамак-аш азыктарына баалардын индекси 97,6 пайыз, алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына – 101,9 пайыз,

азык-түлүктөн башка товарларга – 101,3 пайыз, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 103,4 пайыз чегинде түптөлгөн.

### 2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа дикамикасы

Азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде 2012-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча 10,3 пайызга (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде баалар жылдык мааниде 37,5 пайызга өскөн), «нан азыктары жана таруу» товардык тобу 17,0 пайызга, ал эми биринчи сорттогу буудай уну 27,2 пайызга өскөн. Мында, 2011-жылдын экинчи чейрегинде нан азыктары жана таруу, көбүнчө дан эгиндеринин жана өндүрүүчү өлкөлөрдө жана республикада айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн мол түшүмдүүлүгүнүн таасиринин сакталып калышынын алкагында 2,2 пайызга арзандаган. Сүт азыктарына баа жылдык мааниде 4,0 пайызга, мөмө-жемишке 21,1 пайызга төмөндөгөн.

**2.1.2- сүрөт. Азык-түлүк товарларына жылдык баа динамикасы**




2012-жылдын экинчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча мөмө-жемиш азыктарына баа 7,1 пайызга төмөндөсө, анын ичинде жемиштерге баа 12,7 пайызга өскөн, ал эми жашылчалар 15,0 пайызга арзандаган. «Жемиштер жана жашылчалар" товардык тобу жылдык мааниде 30,0 пайызга арзаныраак болуп калган: жемиштерге баа 16,5 пайызга, жашылчаларага 35,5 пайызга төмөндөгөн.

Жылдык мааниде кантка карата баа 15,9 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2011-жылдын июнь айында кантка баа жылдык мааниде 28,2 пайызга өскөн эле.

«Май жана тоң майлар» товардык топ боюнча баа 2012-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча 2,8 пайызга төмөндөгөн, бул май алынуучу өсүмдүктөргө дүйнөлүк баанын белгилүү бир учурдагы төмөндөөсүнө

шартталган (май жана тоң майларга баанын жылдык өсүшү 2011-жылдын июнь айында 38,4 пайызды түзгөн).

Отчеттук жылдын экинчи чейрегинде сүт азыктарына керектөө бааларынын төмөндөөсү белгиленген, ал 9,8 пайыз чегинде катталган. Жылдык өлчөөдө сүт азыктары 3,8 пайызга кымбаттаган.

Эт азыктарына карата баа 2012-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 6,9 пайызга өскөн.

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баалардын туруктуу динамикасы менен мүнөздөлгөн, бирок, 2012-жылдын июнь-июль айларында дан жана май алынуучу өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү боюнча кооптонуулардын күч алышы алкагында 2012-жылы буудайга дүйнөлүк баанын олуттуу өсүшү белгиленген. Алсак, отчеттук жылдын 15-июнунан 20-июлуна чейинки мезгил аралыгында СВОТ[1] товардык биржасында буудайга баа 54,8 пайызга өскөн. Кыргызстанга импорттолуучу буудайдын наркы (Луговая станциясынан) 2012-жылдын июль айында 10,8 пайызга (тоннасына 214-226 АКШ долларында) өскөн.

Маалымат үчүн: негизги соода өнөктөш өлкөлөрдөгү жылдык инфляция:

- Казакстан (2012-жылдын июль айынан 2011-жылдын июль айына карата) – 4,8 пайыз;
- Россия (2012-жылдын июль айынан 2011-жылдын июль айына карата) – 5,6 пайыз;
- Кытай (2012-жылдын июнь айынан 2011-жылдын июнь айына карата) – 2,2 пайыз.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баа динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын индексинин өсүшү жылдык мааниде 9,8 пайызды түзгөн, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,7 п.п. төмөн. Алсак, кийим жана бут кийимге баа, көбүнчө, эркектердин жана аялдардын кийиминин, тиешелүүлүгүнө жараша 9,1 пайызга жана 10,9 пайызга кымбатташынын эсебинен 12,6 пайызга өскөн. «Электроэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» тобу боюнча баалардын жогорулоосу (жылдык мааниде +4,5 пайыз) катталган. Ошондой эле, «үй тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы» тобу боюнча да баалардын өсүшү (+13,1 пайызга) белгиленген. Мындай динамиканын орун алышына тиричилик текстиль буюмдарынын (+15,2 пайызга), ошондой эле эмеректин жана полго төшөлмөлөрдүн (+10,1 пайызга) кымбатташы негизги себептерден болгон. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 3,8 пайызга өскөн, анын ичинде бензинге карата баа 3,8 пайызга, дизель отунуна баа 6,7 пайызга өскөн. 2012-жылдын экинчи

[1] Чикаго товардык биржасы - англ. Chicago Board Of Trade (CBOT), мында айыл-чарба жана финансылык контрактылар тоорук кылып сатылат.

чейрегинде КММга карата баа 0,3 пайызга төмөндөсө, анын ичинде бензин 0,7 пайызга арзандаган, ал эми, дизель отунунун баасы 4,5 пайызга өскөн.

**2.1.3-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы**




## 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын индекси кароого алынып жаткан мезгил ичинде жылдык мааниде 11,7 пайызга (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде – 12,1 пайызга) өскөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү, негизинен, тойканалардын жана мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн 19,7 пайызга, ал эми билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+14,6 пайызга) жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+8,6 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Ал эми саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү 11,4 пайызга кымбаттаган.

**2.1.4-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата жылдык баа динамикасы**



### 2.1.4. Аймактардагы керектөө баа динамикасы

2012-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча республиканын бардык областтарында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өсүш арымынын басаңдоосу байкалган. Баткен жана Ош областтарында баалар, тиешелүүлүгүнө жараша 8,9 жана 0,3 пайызга, Жалал-Абад областында – 2,0 пайызга, Талас областында – 1,2 пайызга, Нарын областында – 1,1 пайызга жогорулаган. Ал эми Чүй областында баалар 0,4 пайызга, Ысык-Көл областында баалардын индекси 5,9 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын борборунда баанын 1,4 пайызга төмөндөөсү белгиленген, мында тамак-аш азыктары 10,7 пайызга арзандаса, алкоголдуу ичимдиктер жана тамекинин баасы 8,5 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар – 7,9 пайызга жана акы төлөнүүчү кызматтар – 10,4 пайызга өскөн.

**2.1.5-сүрөт. Аймактардагы КБИнин жылдык динамикасы**
*(пайыздар)*




## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баалардын кыска мөөнөттүү, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүлөрүн жокко чыгаруучу инфляциянын тренди катары аныкталат, башкача айтканда, инфляциянын көрсөткүчүнүн эсебинен начар түшүмдүүлүк, КММ рыногундагы баалык таасирлер, тарифтердин административдик өзгөрүүлөрү жана башкалар сыяктуу, сезондук жана тышкы факторлор менен шартталган товарларга баалардын өсүшү алынып салынат.

Төмөндө жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептелген, базалык инфляциянын динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма керектөө бааларынын индексинен баалары, эрежедегидей эле, бир жолку жана/же кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ, тышкы соккуларга ийкемдүү болгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир категорияларын же максаттуу топторун алып салууну болжойт. Мурдатан бери эле, мындай товарларга кээ бир азык-түлүк товарлары, энергия алып жүрүүчүлөр жана Өкмөт тарабынан административдүү белгиленген тарифтер кирет.

Базалык инфляциянын мааниси Кыргыз Республикасынын УСКнын ыкмасы боюнча 2012-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 1,2 пайызды түзгөн, ал эми «арылтылбаган» инфляция -0,5 пайыз чегинде катталган. Базалык инфляция 4 түн көрсөткүчтөрүнүн графикалык чагылдырылышы азык-түлүк рыногунда түптөлгөн тенденция республикада керектөө бааларынын динамикасы үчүн аныктоочу фактор болуп саналат. Бул көрсөткүч туруктуу динамикага жана маанилердин бир аз дисперсиясына ээ.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу, 2) май жана тоң майлар, 3) жемиштер жана жашылчалар, 4) газ, 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт, 2) жемиштер жана жашылчалар, 3) газ, 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу, 2) сүт азыктары, 3) жемиштер жана жашылчалар, 4) газ, 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

Базалык инфляция -УСК – сүт, кант, мөмө жемиш жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспорту, байланыш жана башка айрым кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу товарлар алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

1. 2012-жылдын экинчи чейрегинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан (мындан ары Улуттук банк Башкармасы) акча-кредит саясаты жагында төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынган: акча-кредит чөйрөсүндөгү күндөлүк жагдайга баа берүү жана экономиканы өнүктүрүүнүн натыйжаларына иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн Улуттук банк Башкармасы 2012-жылдын 29-майында 2012-жылдын биринчи чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту караган жана аны кабыл алган. Отчеттун кыскартылган версиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президенттин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Өкмөттүк Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Экономика жана монополияга каршы саясат министрлигине жөнөтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган.

## 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары-Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер, Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүү натыйжаларына негизделет. Байкоого алынуучу мезгил ичинде банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү Комитет тарабынан, Улуттук банк Башкармасы аныктаган, 2012-2014-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, алдыдагы мезгил үчүн акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн максаттардан жана маселелерден улам, ошондой эле, банк тутумунун абалын жана салыктык-бюджеттик чөйрөдөгү жагдайды эске алуу менен аныкталат.

Отчеттук мезгил ичинде Комитеттин 15 отуруму өткөрүлгөн. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу Улуттук банктын ноталарынын ар жумалык аукциондорун, ошондой эле коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча алып салуу максатында, МБКларды репо шарттарында сатуу боюнча операцияларды өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Комитет өлкөдө сакталып турган инфляциялык тобокелдиктерди эске алуу менен 2012-жылдын экинчи чейрегинде Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын индикативдүү көлөмүн 2012-жылдын март айынын акырындагы 2,2 млрд. сом деңгээлинен июнь айынын акырына карата 1,9 млрд. сомго чейин төмөндөткөн.

2012-жылдын экинчи чейрегинде Улуттук банктын ноталарын сатуунун көлөмү 7.1 млрд. сомду, МБКларды репо шарттарында сатуунун көлөмү 2,5 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 2,1 млрд. сом чегинде түптөлгөн. Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу отчеттук мезгилде сомдук эквивалентинде 0,4 млрд. сомду түзгөн.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор

Бул баяндаманын «Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал» деп аталган 1-главасында 2012-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча иштеп чыгуу өнөр жай өндүрүшүнүн олуттуу кыскаруусунун эсебинен ИДӨнүн төмөндөөсү белгиленген. Алсак, 2012-жылдын январь-июнь айларында «Кумтөр» тоо-кен ишканасында алтынды өндүрүүнүн көлөмү 60,0 пайызга кыскарган, ал эми өткөн жылдын биринчи чейрегинде бул көрсөткүчтүн 12,7 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген эле.

Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн мындай кыскаруусу алтын кени көбүрөөк камтылган жерлерди пайдалануунун кечиктирилип жатышына шартталган. «Кумтөр» тоо-кен ишканасында алтынды казып алуунун жаңыртылган планы өткөн жылдын биринчи чейрегинде жарыяланган, буга ылайык өлкөнү экономикалык өнүктүрүү болжолдоолоруна оңдоолор киргизилген. Өндүрүштүн мындай төмөндөөсү экономиканын өсүшүнө, албетте, анан да бюджетке салыктык түшүүлөрдүн суммасына терс таасирин тийгизет. Мындан тышкары, алтынды казып алуунун белгиленген кыскаруусу, өлкөнүн төлөм теңдеминин болжолдоолоруна өзгөртүүлөрдүн (алтындын экспортунун көлөмүнүн кыскаруусу, тике чет өлкө инвестициялардын (пайданы реинвестициялоо жагында) көлөмүнүн жана ал боюнча кирешелердин) төмөндөөсү) киргизилишине өбөлгө түзөт.

Учурда, дүйнөлүк экономиканын абалынын начарлоосу жана еврого тиешелүү финансылык кризистин күчөшү жагында олуттуу тобокелдиктер сакталып турууда, бул Кыргызстандын негизги соода өнөктөш өлкөлөрүнүн жана өз кезегинде биздин өлкөнүн экономикасына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Отчеттук мезгилде акча которуулардын өсүш арымынын басаңдашы тышкы шарттардын белгилүү бир туруксуздугун тастыктап турат. Бул жагдай өлкөнүн кыска мөөнөттүү мезгилде андан-ары өнүгүүсүнө кооптонууларды жаратат, анткени акча которуулардын өлкөгө агылып кирүүсү өлкөдө керектөөнүн көбөйүүсүнө өбөлгө түзгөн башкы факторлордон болуп саналат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүшүнө жалпы болжолдооолор төмөндөө жагына кайра каралган жана ар кандай баа берүүлөр 0,2-1,8 пайыз диапазонунда өзгөрүп турат.

Өлкөнүн макроэкономикалык потенциалына баа берүү үчүн потенциалдуу жана айкын ИДӨнүн ортосундагы ажырымды эсептөөлөр жүргүзүлөт. 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында терс ажырым түптөлгөн, ал учурда экономикада өлкөнүн өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрү жеткиликсиз ишке тартылгандыгын көрсөтүп турат. Орточо алганда бир мезгил ичинде, айкын ИДӨ 7,7 пайыз (көмүскө секторду эске албаганда,

ИДӨ) чегинде катталган жана потенциалдуу ИДӨдөн 11,7 пайызга (көмүскө секторду эске алганда, ИДӨ) аз.

2012-жылы жаңыртылган болжолдоого ылайык, потенциалдуу ИДӨнүн анын айкын маанисинен артышы сакталып калат. Бирок, «Центерра Голд Инк.» алтындын пландаштырылган көлөмүнүн көбүрөөк бөлүгүн өтүп жаткан жылдын төртүнчү чейрегинде алууну пландаштырып жаткандыгын эске алганда, жылдын акырына карата ажырымдын кыскаруусу күтүлүүдө.

**4.1.1-сүрөт. Айкын жана потенциалдуу ИДӨ болжолдоолору**




## 4.2. 2012-жылга жана 2012-жылдын III чейрегине карата инфляцияны болжолдоолор

2012-жылга инфляцияны болжолдоолор 7,0-8,5 пайызга чейин корректировкаланган (мурдагы болжолдоо – 8,0-9,0 пайыз, «Кыргыз Республикасында 2012-жылдын биринчи чейреги үчүн инфляциялык баяндама» басылмасында жарыяланган). Күндөлүк болжолдоо 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы баалардын туруктуу динамикасын жана айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү өлкөлөрдөгү жагымсыз аба-ырайы шарттарынан улам, дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын өсүшүн эске алат.

Дүйнөнүн дан эгиндерин өстүрүүчү кыйла ири аймактарындагы жагымсыз аба-ырайы шарттарынын алкагында түптөлгөн жана инвесторлордун алып-сатарлык аракеттерине өбөлгө түзгөн, дан эгиндерине дүйнөлүк баанын өсүшү, Кыргызстандагы баанын динамикасына да таасирин тийгизе баштады. Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин бааларга күн сайын жүргүзгөн мониторингиндеги маалыматтар боюнча нанга баа 2012-жылдын 27-июлуна карата абал боюнча айдын башталышына салыштырганда 6,4 пайызга өскөн.

АКШда кургакчылыктын алкагында буудайга, жүгөрүгө жана сояга карата баа, акыркы бир нече жылдардагы рекорддук мааниге чейин өскөн. Кургакчылык аба-ырайы Россиянын буудай өстүрүүчү аймактарында да белгиленген, бул 2012-жылдын июнь-июль айларында буудайга карата баанын 30-50 пайызга өсүшүн шарттаган.

**4.2.1-сүрөт. КБИнин жана GSCIag* индексинин жылдык динамикасы**




* GSCI-ag (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) – физикалык азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контрактылардын баа индекси – бул биржалык товарларды топ катары көрсөтүү үчүн «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан иштелип чыккан.

**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоолор**




2012-жылы КБИ динамикасы 2011-жылдагы баалардын туруктуу эмес динамикасынын алкагында олуттуу өзгөрүлмөлүүлүгү менен мүнөздөлөөрүн улантат. Алсак, 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгы баалардын жогорку деңгээли жана орточо динамикасы менен мүнөздөлгөн, мында 2011-жылдын экинчи жарым жылдыгында баалардын деңгээли кескин төмөндөгөн. Ушунун натыйжасында, 2012-жылы «салыштыруу базасынын эффектиси» көрүнөт: отчеттук жылдын биринчи жарым

жылдыгында баалардын жылдык өзгөрүшүнүн көрсөткүчү (өтүп жаткан ай, өткөн жылдын тиешелүү айына карата) төмөн деңгээлде сакталып турган жана 2012-жылдын экинчи жарым жылдыгында ыкчамдайт.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде инфляциянын айкын деңгээли (0,1 пайыз) «Кыргыз Республикасында 2012-жылдын биринчи чейреги үчүн инфляциялык баяндама» басылмасында жарыяланган, бул мезгилге карата болжолдоодон төмөн (1,0 пайызга жакын) түптөлгөн. Отчеттук жылдын экинчи чейрегинде инфляциянын өсүш арымынын басаңдоосуна, азык-түлүк товарларына баалардын күтүлүп жаткандагыдан да бир кыйла төмөндөгөндүгү негизги себеп болгон.

2012-жылдын үчүнчү чейрегинде инфляциянын динамикасы негизги айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмү боюнча алгылыксыз күтүүлөрдүн алкагында, азык-түлүк товарларына баалардын өсүшү менен мүнөздөлөт. Азык-түлүк товарларына баанын өсүшүнүн жогорку ыктымалдуугун эске алганда, 2012-жылдын үчүнчү чейрегинде керектөө бааларынын индекси-нин өсүшү болжолдонууда, ошентип, жылдык инфляция 2012-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча 4,8 пайыз деңгээлинде бааланат.

**4.2.3-сүрөт. Инфляциянын 2012-жылдын III чейрегине карата болжолдоолор**



# Статистикалык тиркеме

## 1-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2012-жыл | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **янв.** | **фев.** | **март** | **апр.** | **май** | **июнь** |
| **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** | **100,8** | **100,1** | **100,0** | **99,8** | **100,7** | **99,6** |
| Товарлар | 100,8 | 99,9 | 100,0 | 99,6 | 100,4 | 99,5 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,7 | 99,3 | 99,4 | 98,7 | 100,1 | 98,7 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 100,1 | 100,9 | 100,2 | 100,8 | 100,6 | 100,5 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,3 | 100,6 | 100,7 | 100,5 | 100,7 | 100,2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,7 | 100,7 | 100,2 | 100,6 | 102,6 | 100,2 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,7 | 99,3 | 99,4 | 98,7 | 100,1 | 98,7 |
| Нан азыктары жана таруу | 98,2 | 98,7 | 99,2 | 99,5 | 99,0 | 99,3 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 98,0 | 99,2 | 99,4 | 99,7 | 98,7 | 98,4 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 94,9 | 96,9 | 98,7 | 99,5 | 98,1 | 98,4 |
| нан | 99,4 | 99,4 | 99,3 | 99,9 | 99,9 | 99,7 |
| Эт | 101,9 | 99,8 | 98,6 | 99,3 | 99,8 | 99,4 |
| Балык | 102,3 | 100,0 | 101,1 | 102,2 | 100,8 | 99,7 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,1 | 100,2 | 98,9 | 97,3 | 96,2 | 96,3 |
| Май жана тоң майлар | 100,0 | 99,5 | 99,6 | 98,9 | 99,0 | 99,7 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 103,6 | 98,5 | 101,1 | 94,6 | 102,7 | 95,6 |
| жемиштер | 100,0 | 100,8 | 100,8 | 100,5 | 101,6 | 110,4 |
| жашылчалар | 105,1 | 97,6 | 101,3 | 92,3 | 103,2 | 89,3 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 101,1 | 99,3 | 100,0 | 99,6 | 104,4 | 99,1 |
| кумшекер | 100,8 | 99,0 | 100,1 | 99,1 | 109,3 | 98,3 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,9 | 100,4 | 99,5 | 99,7 | 100,4 | 100,2 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,0 | 101,1 | 98,8 | 100,5 | 100,1 | 100,1 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 100,1 | 100,9 | 100,2 | 100,8 | 100,6 | 100,5 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 100,0 | 101,2 | 100,0 | 100,9 | 100,5 | 100,0 |
| тамеки заттары | 100,5 | 99,9 | 100,8 | 100,4 | 100,9 | 101,9 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 101,9 | 100,2 | 102,1 | 101,9 | 101,2 | 100,6 |
| кийим-кече | 102,2 | 100,1 | 100,1 | 101,1 | 101,1 | 100,6 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 102,6 | 100,0 | 100,2 | 100,4 | 100,8 | 100,4 |
| эр адамдар үчүн кийим | 102,1 | 100,2 | 100,1 | 100,8 | 100,6 | 100,0 |
| аялдар үчүн кийим | 102,3 | 99,7 | 100,2 | 101,2 | 101,0 | 100,1 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 102,2 | 100,3 | 99,4 | 101,4 | 102,0 | 102,0 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 100,4 | 102,9 | 100,1 | 101,9 | 102,2 | 100,0 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 101,2 | 100,3 | 106,8 | 103,5 | 101,3 | 100,5 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,2 | 99,9 | 106,4 | 102,5 | 101,5 | 100,3 |
| аялдар үчүн бут кийим | 101,1 | 100,5 | 108,3 | 104,1 | 101,3 | 100,1 |
| балдар үчүн бут кийим | 102,4 | 100,3 | 102,8 | 103,1 | 100,9 | 101,6 |
| бут кийимди оңдоо | 100,0 | 100,1 | 113,2 | 100,3 | 100,1 | 100,0 |
| Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар | 101,2 | 100,6 | 99,2 | 98,9 | 100,1 | 99,7 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 100,1 | 100,7 | 101,3 | 105,1 | 113,9 | 91,1 |
| кирпич | 97,0 | 101,3 | 101,2 | 104,0 | 111,2 | 91,2 |
| пиломатериалдар | 98,3 | 100,1 | 100,0 | 99,9 | 102,5 | 98,3 |
| цемент | 99,5 | 100,1 | 100,4 | 109,7 | 145,0 | 78,4 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 100,0 | 101,3 | 100,0 | 98,0 | 101,0 | 99,9 |
| курулуш куму | 100,0 | 101,5 | 100,0 | 124,1 | 103,3 | 87,5 |
| шифер | 106,3 | 100,0 | 99,7 | 101,8 | 99,8 | 101,0 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,2 | 109,2 | 100,0 | 111,2 |
| суу менен камсыз кылуу | 99,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 101,4 | 100,7 | 98,9 | 97,8 | 98,5 | 100,4 |
| газ | 108,5 | 100,4 | 99,3 | 100,4 | 100,2 | 100,3 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 101,0 | 101,2 | 100,5 | 100,9 | 101,1 | 100,8 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,1 | 100,2 | 99,3 | 100,3 | 100,8 | 100,1 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 100,9 | 103,5 | 100,5 | 100,5 | 101,6 | 100,5 |
| тиричилик шаймандары | 100,1 | 100,6 | 103,4 | 100,2 | 100,1 | 103,5 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 102,3 | 102,4 | 100,2 | 100,6 | 100,6 | 100,3 |
| Саламаттыкты сактоо | 101,5 | 101,4 | 100,5 | 100,8 | 101,1 | 99,4 |
| Транспорт | 99,4 | 100,3 | 99,9 | 100,0 | 105,4 | 100,2 |
| автотранспортту сатып алуу | 99,8 | 100,5 | 99,7 | 97,0 | 100,4 | 101,4 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 99,4 | 98,3 | 99,9 | 100,4 | 100,2 | 99,1 |
| бензин | 99,4 | 98,2 | 99,7 | 100,1 | 100,1 | 99,0 |
| дизель отуну | 99,9 | 99,2 | 102,2 | 103,7 | 101,1 | 99,6 |
| техн-лык кызмат көрс-лөр ж-а трансп. каражаттарын ремонттоо | 100,0 | 100,5 | 94,3 | 102,8 | 100,0 | 100,2 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 99,3 | 100,7 | 100,1 | 100,7 | 108,5 | 100,1 |
| Байланыш | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 100,4 | 101,1 | 101,1 | 101,2 | 98,8 | 100,2 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 100,4 | 100,3 | 100,0 | 100,4 | 100,1 | 100,0 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 100,4 | 101,2 | 100,2 | 101,5 | 96,8 | 100,2 |
| Билим берүү | 100,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 102,9 | 102,0 | 100,5 | 100,8 | 101,8 | 100,0 |
| коомдук тамактануу | 103,0 | 102,1 | 100,5 | 100,8 | 101,8 | 100,0 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 100,0 | 100,1 | 100,1 | 100,0 | 101,2 | 100,7 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 101,1 | 101,3 | 100,6 | 100,7 | 100,9 | 100,0 |
| жеке тейлөө | 101,3 | 101,4 | 100,3 | 100,8 | 100,5 | 100,0 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 100,0 | 101,0 | 103,3 | 100,0 | 100,2 | 100,0 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 114,1 | 100,0 |

*Булагы: КР УСК*

## 2-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздар)*

| | 2012-жыл | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **янв.** | **фев.** | **март** | | | |
| **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** | **103,8** | **102,4** | **100,2** | **99,5** | **100,5** | **99,5** |
| Товарлар | 102,8 | 101,0 | 98,6 | 97,9 | 98,7 | 97,5 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,7 | 90,3 | 91,4 | 89,7 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 109,7 | 110,6 | 109,8 | 110,5 | 110,4 | 110,0 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,0 | 110,3 | 110,4 | 110,1 | 110,6 | 109,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 109,5 | 110,8 | 110,1 | 110,1 | 111,7 | 111,7 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,7 | 90,3 | 91,4 | 89,7 |
| Нан азыктары жана таруу | 96,0 | 91,1 | 84,2 | 83,1 | 83,0 | 83,0 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 91,0 | 86,3 | 79,5 | 78,1 | 77,7 | 77,1 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 90,2 | 82,3 | 73,1 | 72,5 | 72,5 | 72,8 |
| нан | 102,2 | 98,6 | 92,6 | 91,9 | 93,5 | 93,3 |
| Эт | 120,9 | 117,0 | 114,4 | 113,5 | 111,4 | 106,9 |
| Балык | 115,2 | 114,2 | 114,5 | 116,5 | 117,7 | 116,5 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 107,1 | 105,2 | 107,3 | 106,0 | 104,9 | 103,8 |
| Май жана тоң майлар | 105,0 | 104,3 | 101,2 | 98,8 | 96,9 | 97,2 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 76,2 | 73,5 | 70,6 | 67,9 | 74,4 | 70,0 |
| жемиштер | 86,1 | 85,5 | 84,7 | 82,8 | 79,6 | 83,5 |
| жашылчалар | 72,4 | 69,0 | 65,6 | 62,5 | 72,5 | 64,5 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 98,2 | 93,3 | 92,1 | 91,0 | 95,1 | 93,9 |
| кумшекер | 84,9 | 79,2 | 79,2 | 78,1 | 85,7 | 84,1 |
| Башка тамак-аш азыктары | 107,6 | 105,4 | 105,9 | 105,3 | 105,6 | 105,4 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 110,6 | 110,9 | 106,7 | 106,1 | 107,1 | 104,3 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 109,7 | 110,6 | 109,8 | 110,5 | 110,4 | 110,0 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 108,7 | 110,0 | 109,8 | 110,8 | 110,5 | 109,7 |
| тамеки заттары | 112,2 | 111,9 | 109,7 | 109,7 | 110,2 | 111,0 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 113,8 | 112,4 | 112,8 | 112,5 | 112,6 | 112,6 |
| кийим-кече | 112,1 | 111,2 | 111,1 | 111,2 | 111,7 | 111,7 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 112,7 | 112,8 | 112,7 | 112,9 | 113,7 | 114,1 |
| эр адамдар үчүн кийим | 111,5 | 110,6 | 111,5 | 111,2 | 110,9 | 109,1 |
| аялдар үчүн кийим | 111,8 | 111,2 | 111,0 | 111,3 | 112,4 | 110,9 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 112,9 | 111,6 | 110,1 | 110,3 | 110,7 | 115,3 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 110,9 | 109,9 | 108,7 | 112,7 | 114,9 | 115,0 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 117,8 | 114,8 | 116,1 | 114,6 | 113,7 | 113,7 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 125,9 | 118,0 | 120,4 | 116,6 | 115,7 | 114,0 |
| аялдар үчүн бут кийим | 116,0 | 114,1 | 115,5 | 114,3 | 113,3 | 113,8 |
| балдар үчүн бут кийим | 112,0 | 113,3 | 112,3 | 113,2 | 112,8 | 113,2 |
| бут кийимди оңдоо | 110,4 | 107,9 | 114,4 | 113,4 | 113,2 | 110,8 |
| Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар | 103,2 | 104,5 | 104,6 | 104,7 | 106,9 | 106,0 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 114,8 | 114,2 | 114,2 | 114,2 | 114,2 | 114,2 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 107,9 | 108,9 | 107,7 | 112,2 | 127,2 | 114,7 |
| кирпич | 99,8 | 101,1 | 99,3 | 103,0 | 113,6 | 103,3 |
| пиломатериалдар | 108,0 | 108,0 | 105,2 | 104,1 | 106,5 | 99,6 |
| цемент | 95,1 | 96,4 | 95,1 | 104,0 | 151,0 | 118,1 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 107,3 | 109,5 | 109,5 | 107,2 | 108,6 | 104,9 |
| курулуш куму | 117,2 | 118,9 | 108,4 | 131,7 | 133,8 | 117,1 |
| шифер | 111,3 | 111,4 | 111,0 | 111,9 | 110,6 | 112,5 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 95,7 | 95,7 | 95,9 | 103,8 | 103,2 | 130,2 |
| суу менен камсыз кылуу | 105,8 | 105,8 | 105,8 | 105,8 | 105,8 | 100,8 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 103,6 | 105,0 | 105,2 | 104,4 | 105,2 | 104,5 |
| газ | 99,9 | 101,4 | 101,3 | 103,0 | 104,0 | 102,0 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 112,5 | 112,6 | 112,7 | 112,8 | 113,8 | 113,1 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 115,5 | 113,7 | 112,4 | 112,5 | 112,7 | 110,1 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 111,5 | 115,4 | 115,0 | 114,4 | 116,0 | 115,2 |
| тиричилик шаймандары | 110,7 | 110,1 | 113,7 | 114,5 | 114,3 | 116,6 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 107,5 | 110,0 | 109,8 | 110,3 | 111,0 | 110,2 |
| Саламаттыкты сактоо | 112,0 | 112,0 | 111,7 | 112,1 | 112,7 | 111,4 |
| Транспорт | 103,4 | 106,9 | 106,6 | 106,2 | 109,4 | 108,6 |
| автотранспортту сатып алуу | 99,4 | 99,7 | 99,4 | 96,8 | 97,8 | 100,9 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 99,0 | 110,4 | 111,1 | 110,4 | 106,3 | 103,8 |
| бензин | 99,1 | 110,6 | 111,4 | 110,5 | 106,9 | 103,8 |
| дизель отуну | 104,8 | 115,4 | 116,2 | 116,0 | 105,3 | 106,7 |
| техн-лык кызмат көрс-лөр ж-а трансп. каражаттарын ремонттоо | 100,3 | 100,8 | 95,1 | 97,8 | 97,8 | 97,6 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 105,8 | 109,1 | 108,7 | 108,8 | 114,1 | 112,6 |
| Байланыш | 103,1 | 103,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 111,6 | 111,9 | 111,3 | 112,3 | 110,1 | 110,2 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 117,3 | 115,2 | 113,9 | 111,1 | 104,1 | 104,0 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 117,0 | 116,9 | 113,6 | 115,2 | 111,5 | 111,7 |
| Билим берүү | 116,0 | 114,9 | 114,8 | 114,8 | 114,5 | 114,6 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 115,9 | 117,9 | 118,2 | 118,9 | 121,0 | 119,7 |
| коомдук тамактануу | 116,0 | 118,1 | 118,5 | 119,2 | 121,3 | 120,0 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 110,0 | 108,2 | 108,1 | 108,5 | 110,0 | 104,4 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 106,4 | 107,3 | 107,5 | 106,6 | 107,1 | 106,9 |
| жеке тейлөө | 106,5 | 107,6 | 107,5 | 107,4 | 107,5 | 107,0 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 107,7 | 107,5 | 111,1 | 111,1 | 111,3 | 111,2 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 99,0 | 97,7 | 95,9 | 75,6 | 86,3 | 90,8 |

*Булагы: КР УСК*

**3-таблица. Баалардын жана импорттун көлөмүнүн 2012-жылдын январь-май айлары үчүн баалардын жана физикалык көлөмдүн индекси**

| Товардын аталышы | *2012-ж. 5 ай* | *2011-ж. 5 ай* | *2011-ж. 5 ай* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | *n12*p12* | *n12*p11* | *n11*p11* | | | |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Мунай жана мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 399,7 | 357,9 | 243,9 | 1,12 | 1,47 | 1,64 |
| Чоюн жана болот | 71,0 | 68,0 | 41,2 | 1,04 | 1,65 | 1,72 |
| Дары-дармектер (ветеринардыкты кошо алганда) | 57,6 | 75,1 | 61,7 | 0,77 | 1,22 | 0,93 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 57,2 | 186,5 | 40,1 | 0,31 | 4,66 | 1,43 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 38,4 | 36,5 | 30,4 | 1,05 | 1,20 | 1,26 |
| Жер семирткичтер | 34,3 | 26,9 | 19,0 | 1,27 | 1,41 | 1,80 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмердик каражаттар | 31,4 | 29,0 | 31,5 | 1,08 | 0,92 | 1,00 |
| Кофе, чай, какао, таттуулар жана алар кошулган азыктар | 30,8 | 28,4 | 28,0 | 1,09 | 1,01 | 1,10 |
| Электрлиниялык телефон же телеграф аппараттары | 30,7 | 23,4 | 31,0 | 1,32 | 0,75 | 0,99 |
| Дан эгиндери (полба (буудайдын бир түрү) жана угут, тартылбаган шак | 30,5 | 54,0 | 30,4 | 0,57 | 1,78 | 1,00 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 29,8 | 34,5 | 34,2 | 0,87 | 1,01 | 0,87 |
| Эт жана эт азыктары | 29,0 | 25,8 | 32,4 | 1,13 | 0,79 | 0,90 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 25,6 | 22,5 | 18,0 | 1,14 | 1,25 | 1,42 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 25,1 | 25,3 | 23,9 | 0,99 | 1,06 | 1,05 |
| Жасалма текстиль материалдарынан кездемелер | 24,6 | 28,5 | 23,2 | 0,86 | 1,23 | 1,06 |
| Өсүмдүк майлары ж-а тоң майлар, иштетиле электер, рафинирленгендер же фракционирленгендер | 23,2 | 26,5 | 20,2 | 0,88 | 1,31 | 1,15 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 21,7 | 20,9 | 15,9 | 1,04 | 1,31 | 1,37 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 21,5 | 12,4 | 15,5 | 1,73 | 0,80 | 1,39 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 19,7 | 16,8 | 12,6 | 1,18 | 1,33 | 1,57 |
| Синтетикалык материалдан жасалган бут кийим | 17,0 | 17,8 | 10,5 | 0,96 | 1,69 | 1,62 |
| Ийне жалб-туу өсүмдүк жыгачтарынын арааланганы жана туурасынан кесилгени | 16,0 | 14,8 | 12,2 | 1,08 | 1,21 | 1,31 |
| Башка категорияларга кирбеген, баалуулукка жатпаган металлдар | 15,0 | 12,4 | 14,3 | 1,21 | 0,87 | 1,05 |
| Жашылча жана жемиштер | 14,6 | 11,2 | 16,1 | 1,31 | 0,69 | 0,91 |
| Тапталган жана калыбына келтирилген жыгачтар | 14,4 | 21,3 | 10,0 | 0,68 | 2,12 | 1,44 |
| Кесек жана майдаланган ун, буудай жана угут | 14,1 | 25,6 | 16,8 | 0,55 | 1,52 | 0,84 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 14,1 | 12,0 | 15,6 | 1,18 | 0,77 | 0,90 |
| Дан эгиндеринен азыктар жана ундан же жер-жемиш крахмаларынан азыктар | 13,9 | 13,6 | 11,0 | 1,02 | 1,23 | 1,26 |
| Баштапкы эмес формада пластмасса | 13,1 | 12,4 | 9,6 | 1,05 | 1,29 | 1,36 |
| Которуштуруу, иргөө жана түздөө үчүн машиналар | 12,5 | 7,6 | 4,3 | 1,65 | 1,75 | 2,89 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 11,8 | 11,5 | 12,6 | 1,03 | 0,91 | 0,94 |
| Бургулоо үчүн башка машиналар | 11,7 | 3,9 | 2,4 | 3,00 | 1,60 | 4,80 |
| Кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттер | 10,8 | 9,0 | 6,9 | 1,20 | 1,31 | 1,57 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 9,4 | 9,0 | 9,3 | 1,04 | 0,97 | 1,00 |
| Түс өзгөртүүчү жана ийлөөчү заттар, боектор | 9,3 | 8,3 | 6,5 | 1,12 | 1,28 | 1,44 |
| Өрткө чыдамдуу кирпич жана өрткө чыдамдуу башка курулуш материалдары | 8,3 | 2,9 | 0,2 | 2,82 | 15,86 | 44,75 |
| Шымдар, арчындама шымдар, чолок шымдар | 7,3 | 6,1 | 4,4 | 1,21 | 1,38 | 1,66 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор жана сузгуч жүктөгүчтөр | 7,2 | 25,4 | 12,2 | 0,28 | 2,09 | 0,59 |
| Башка категорияларга кирбеген электр жылуулук жабдуулар | 6,8 | 4,6 | 3,8 | 1,48 | 1,20 | 1,77 |
| Адамдарды ташууга каралган жеңил автоунаалар жана транспорт каражаттары | 6,8 | 11,6 | 9,3 | 0,59 | 1,25 | 0,73 |
| Конструкциялар жана анын башка категорияга кирбеген элементтери | 6,7 | 11,6 | 6,7 | 0,58 | 1,72 | 1,00 |
| Батареялар жана электроаккумуляторлор жана алардын тетиктери | 6,6 | 2,8 | 4,1 | 2,36 | 0,68 | 1,61 |
| Маалым-ды автоматтык түрдө иштеп чыгуучу машиналар ж-а алардын түйүндөрү | 6,5 | 6,7 | 5,8 | 0,97 | 1,15 | 1,12 |
| Электроаккумуляторлор | 6,5 | 4,9 | 2,2 | 1,32 | 2,25 | 2,96 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаж же токулган кийимдер | 6,5 | 5,5 | 2,7 | 1,17 | 2,06 | 2,42 |
| Тиричилик муздаткычтары жана тоңдургучтар | 6,4 | 5,9 | 5,1 | 1,10 | 1,16 | 1,27 |
| Башка категорияларга кирбеген электр бөлүштүргүч жабдуулар | 6,4 | 6,3 | 4,4 | 1,01 | 1,44 | 1,46 |
| Маргарин жана жуурулган май | 6,2 | 6,3 | 5,9 | 0,99 | 1,07 | 1,05 |
| Жыгач-булалуу плита | 6,0 | 5,7 | 4,5 | 1,04 | 1,28 | 1,34 |
| Жүк ташуу үчүн чиркегичтер жана жарым чиркегичтер | 5,9 | 6,2 | 1,9 | 0,96 | 3,17 | 3,05 |
| Балыктардын түрлөрү | 5,6 | 5,0 | 4,6 | 1,13 | 1,07 | 1,21 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн трикотаж же токулган кийимдер | 5,6 | 2,4 | 2,1 | 2,38 | 1,13 | 2,70 |
| Сүт, каймак, май жана сырдан башка сүт азыктары | 5,6 | 5,6 | 3,9 | 0,99 | 1,42 | 1,41 |
| Башка категорияларга кирбеген, ар кандай химиялык продукулар | 5,4 | 3,7 | 3,8 | 1,47 | 0,98 | 1,44 |
| Шагылды, ташты, кендерди сорттоо, электен өткөрүү, бөлүштүрүү үчүн машиналар | 5,4 | 5,3 | 6,6 | 1,01 | 0,80 | 0,81 |
| Конкреттүү тармактардын машиналары жана механикалык жабдуулары | 5,3 | 24,2 | 2,0 | 0,22 | 11,81 | 2,61 |
| Токулган байпактар | 5,2 | 5,0 | 3,0 | 1,04 | 1,67 | 1,74 |
| Инсектициддер, родентициддер, фунгициддер, гербициддер | 5,0 | 5,3 | 5,5 | 0,94 | 0,97 | 0,91 |
| Мыктар, винтер, гайкалар, бурамалар, бөрктөп кадоо үчүн бурамалар ж.б. у.с. | 5,0 | 3,8 | 4,6 | 1,31 | 0,83 | 1,09 |
| Медициналык жана фармацевтикалык дары-дармектер | 4,9 | 5,2 | 5,9 | 0,95 | 0,89 | 0,84 |
| Башка категорияларга кирбеген электр байланыш жабдуулары | 4,9 | 1,3 | 0,7 | 3,68 | 1,97 | 7,25 |
| Тракторлор | 4,8 | 5,1 | 1,5 | 0,95 | 3,38 | 3,21 |
| Жылтыратылган керамикалык плиткалар | 4,6 | 4,9 | 3,7 | 0,92 | 1,33 | 1,23 |
| Кофталар, пуловерлер, күрмөлөр жана ушу сыяктуу трикотаж буюмдары | 4,5 | 3,6 | 4,1 | 1,24 | 0,89 | 1,10 |
| Суюктуктарды же газды фильтрлөөчү жана тазалоочу машиналар жана жабдуулар | 4,4 | 2,5 | 2,1 | 1,78 | 1,17 | 2,09 |
| Күрүч | 4,3 | 4,6 | 2,8 | 0,93 | 1,66 | 1,55 |
| Гончардык буюмдар | 4,2 | 4,2 | 3,4 | 0,99 | 1,21 | 1,21 |
| Тиричилик кир жуучу жабдуулар | 4,1 | 4,0 | 3,2 | 1,04 | 1,25 | 1,30 |
| Башка категорияларга кирбеген кен эместерден алынган буюмдар | 4,1 | 3,9 | 3,0 | 1,06 | 1,30 | 1,37 |
| Полго төшөлмөлөр | 4,1 | 3,7 | 3,8 | 1,10 | 0,97 | 1,06 |
| Текстиль жиби | 4,0 | 3,9 | 3,0 | 1,01 | 1,29 | 1,30 |
| Шымдар, арчындама шымдар, чолок шымдар | 3,9 | 3,3 | 2,5 | 1,17 | 1,33 | 1,56 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **1 404,9** | **1 511,9** | **1 060,5** | **0,93** | **1,43** | **1,32** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***74%*** | | ***76%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **1 910,8** | | **1 395,5** | | | |

УСКнын СИФ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада импорттун баштапкы 71 ири статьясы келтирилген

n- товардын импортунун физикалык көлөмү

p-товардын эсептешүү импорттук баасы

## 4-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун 2012-жылдын январь-февраль айлары үчүн физикалык көлөмүнүн индекси

| Товардын аталышы | 2012-ж. 5 ай млн. АКШ долл. n12*p12 | 2011-ж. 5 ай млн. АКШ долл. n12*p11 | 2011-ж. 5 ай млн. АКШ долл. n11*p11 | Индекстер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | баасы | физ. көлөмү | наркы |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Монетардык эмес алтын (алтын кендеринен жана аралашмалардан башка) | 190,3 | 159,8 | 432,4 | 1,19 | 0,37 | 0,44 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 67,7 | 7,2 | 6,7 | 9,36 | 1,08 | 10,16 |
| Жашылча-жемиштер | 52,0 | 42,2 | 53,3 | 1,23 | 0,79 | 0,98 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 45,6 | 32,2 | 33,6 | 1,42 | 0,96 | 1,36 |
| Пахта | 16,3 | 18,0 | 5,3 | 0,90 | 3,37 | 3,05 |
| Баалуу металлдардан кендер жана аралашмалар | 14,3 | 49,7 | 1,6 | 0,29 | 31,53 | 9,07 |
| Көйнөктөр | 13,2 | 15,4 | 8,3 | 0,86 | 1,87 | 1,59 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоуналар | 12,5 | 5,4 | 1,0 | 2,30 | 5,20 | 11,96 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 11,3 | 12,9 | 9,8 | 0,87 | 1,32 | 1,15 |
| Чоюн жана болот | 10,7 | 4,2 | 2,3 | 2,55 | 1,81 | 4,64 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 10,6 | 12,8 | 11,1 | 0,83 | 1,15 | 0,96 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 8,3 | 9,4 | 6,9 | 0,88 | 1,36 | 1,20 |
| Электр тогу | 7,9 | 6,5 | 20,8 | 1,20 | 0,31 | 0,38 |
| Ысытуу лампалары | 7,5 | 6,9 | 7,8 | 1,10 | 0,88 | 0,97 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаж же токулган буюмдар | 7,5 | 7,4 | 8,7 | 1,01 | 0,85 | 0,87 |
| Юбкалар жана юбка-шымдар | 5,1 | 6,1 | 4,3 | 0,83 | 1,42 | 1,18 |
| Металлургияда колдонулуучу баалуулукка жатпаган түрдүү металлдар | 4,6 | 5,1 | 3,4 | 0,89 | 1,51 | 1,35 |
| Металл сыныктары жана баалуулукка жатпаган түстүү металлдар | 4,5 | 3,7 | 4,2 | 1,21 | 0,89 | 1,08 |
| Токулган байпактар | 4,5 | 5,5 | 2,8 | 0,82 | 1,95 | 1,59 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 3,9 | 3,4 | 3,2 | 1,17 | 1,07 | 1,25 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 3,7 | 4,0 | 3,6 | 0,93 | 1,09 | 1,02 |
| Иштетиле элек тамеки; тамеки калдыктары | 3,7 | 3,0 | 3,6 | 1,22 | 0,85 | 1,03 |
| Пальтолор, кыска пальтолор, жамынгычтар жана ушундай эле кийимдер | 3,6 | 4,6 | 2,9 | 0,80 | 1,56 | 1,25 |
| Тирүү жандыктар | 3,5 | 2,7 | 3,0 | 1,29 | 0,88 | 1,13 |
| Портландцемент, цемент | 3,1 | 3,2 | 1,8 | 0,98 | 1,77 | 1,74 |
| Кол менен машина менен иштетилүүчү инструментер | 3,1 | 0,7 | 0,5 | 4,70 | 1,27 | 5,95 |
| Ири мүйүздүү малдын же аттын терилеринен булгаарылар жана иштетиле элек терилер | 3,1 | 2,4 | 2,2 | 1,28 | 1,08 | 1,38 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | 2,9 | 2,7 | 6,5 | 1,09 | 0,41 | 0,45 |
| Эл ташуучу жана атайы багытка каралган жеңил автоунаалар жана транспорт каражаттары | 2,8 | 2,6 | 1,3 | 1,05 | 2,10 | 2,20 |
| Дан азыктарынан, ундан жана жашылча /же жемиш крахмалдарынан жасалган азыктар | 2,7 | 2,2 | 1,6 | 1,24 | 1,36 | 1,69 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 2,6 | 1,3 | 4,1 | 1,91 | 0,33 | 0,63 |
| Башка категорияга кирбеген, кенге жатпагандардан жасалган буюмдар | 2,5 | 2,2 | 1,3 | 1,13 | 1,69 | 1,90 |
| Башка категорияга кирбеген, тамак аш азыктары жана препараттар | 2,2 | 2,2 | 1,5 | 0,98 | 1,51 | 1,49 |
| Кофе, чай, какао жана алардан жасалган таттуу азыктар | 2,2 | 1,9 | 1,7 | 1,13 | 1,11 | 1,26 |
| Майкалар, комбинациялар, ичинен кийүүчү юбкалар, бикинилер, трусылар, түнкү көйнөктөр, пеньюарлар | 2,0 | 1,4 | 1,0 | 1,38 | 1,40 | 1,93 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 1,8 | 0,3 | 0,1 | 6,05 | 3,13 | 18,96 |
| Эт жана эт азыктары | 1,8 | 1,1 | 1,4 | 1,58 | 0,82 | 1,29 |
| Сыр жана быштак | 1,7 | 1,6 | 0,9 | 1,07 | 1,83 | 1,96 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 1,7 | 1,5 | 3,0 | 1,15 | 0,49 | 0,56 |
| Башка категорияда камтылбаган баалуулукка жатпаган металлдардан буюмдар | 1,6 | 0,4 | 0,8 | 3,86 | 0,52 | 1,99 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | 1,5 | 1,8 | 1,8 | 0,83 | 1,03 | 0,85 |
| Май жана башка тоң майлар жана сүттөн алынган майлар | 1,5 | 1,4 | 0,8 | 1,11 | 1,76 | 1,95 |
| Тракторлор | 1,1 | 1,4 | 0,8 | 0,78 | 1,88 | 1,46 |
| Курткалар жана блейзерлер | 1,1 | 1,3 | 0,9 | 0,82 | 1,54 | 1,26 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **555,6** | **461,9** | **674,4** | **1,20** | **0,68** | **0,82** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***87%*** | | ***90%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **636,1** | | **748,8** | | | |

УСКнын кошумча баалоолорусуз ФОБ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада экспорттун баштапкы 44 ири статьясы келтирилген.
n- товардын экспортунун физикалык көлөмү
p-товардын эсептешүү экспорттук баасы

## Глоссарий

**Акча базасы** – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акча каражаттары боюнча милдеттенмелери жана Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын улуттук валютадагы башка депозиттик корпорациялар алдындагы милдеттенмелери.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: M0; M1; M2; M2X.

**M0** – банктардан тышкаркы акча.

**M1** – M0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.

**M2** – M1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.

**M2X** – M2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер.

**Базалык инфляция –** бул, баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электрэнергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялар жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелинде бекитилген №9 ыкмага ылайык). Эсептөөдө сүт, кант, мөмө-жемиш жана алкоголдук - тамеки продукциялары, КММ, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун кызмат көрсөтүүлөрү, байланыш жана башкалар алынып салынат. Бүтүндөй алганда алынып салынуучу товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

**Башка депозиттик корпорациялар –** бул, борбордук банктан тышкаркы, бардык финансылык корпорациялар – резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (M2X) улуттук аныктамасына кирген милдеттенмелерди эмитирлешет.

**Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери** – бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук

банк алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык купондук баалуу кагаздар. Бул баалуу кагаздарды калыбына келтирүү төмөнкүчө: Улуттук банктын портфелиндеги МКВ(ж)лардын төлөө күнүндө Финансы министрлиги бир эле учурда төлөө менен бирге, төлөнгөн баалуу кагаздардын санына барабар санда, Улуттук банктын пайдасына МКВ(ж) лардын жаңы сериясын чыгарат.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган нак акча.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн керектөө баасынын индекси (КБИ) колдонулат. КБИ калайык-калк өндүрүштүк эмес керектөө үчүн сатып алган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандар 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**Ички дүң өнүмүнүн дефлятору** – бул, экономикадагы баалардын өсүшү эсебинен ИДӨдөгү өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн, экономика тармактарынын бааларынын жыйынтыктап алынган индекси. ИДӨнүн дефлятору өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДӨнүн өткөн жылдын баасындагы ИДӨнүн өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде, беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Мамлекеттик казына векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды

жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Тике катышуучулар аукциондорго катышуу укугуна ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар дагы Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

**Мамлекеттик казына облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүүнүн максаты болуп саналат.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында, банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылган «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздар кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** – жергиликтүү өндүрүүчүлөр тарабынан өз продукциялары үчүн алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт. КБИ эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесине тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчик формасынан көз карандысыз ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар кирет.

**Өндүрүштүк ажырым (же ИДӨ ажырымы)** – бул, ИДӨнүн потенциалдуу мүмкүн болуучу жана айкын көлөмүнүн ортосундагы айырма. Өндүрүштөгү ажырым экономиканы активдештирүү жана стагнациялоо индикатору

болушу мүмкүн. Эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан аз болгон шартта (Y<Y*), экономикада «рецессия ажырымы» түптөлгөн деп эсептөө кабыл алынган, ал дефляциялык процесстердин болушунун ыктымалдуулугун көрсөтөт. Ал эми тескерисинче, айкын ИДӨ потенциалдуудан чоң болгон (Y>Y*) шартта, чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү чогуу алгандагы сунуштун өсүшүнөн артат, бул инфляциялык басымдын күчөшүнө түрткү берет.

**Своп-операциялар** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу, же тескерисинче алдын ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайтара алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Улуттук банктын репо-операциялары** – бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын-ала макулдашылган баада кайтара сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Эсептик чен** – бул, экономикадагы акча ресурсунун наркын аныктоо үчүн негизги ориентир катары пайдаланылган каражат. Эсептик чендин өлчөмү, Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча акыркы төрт аукциондогу банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо белгисине теңештирилген.

**GSCI-ag (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) –** физикалык азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контрактылардын баа индекси – бул биржалык товарларды топ катары көрсөтүү үчүн «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан иштелип чыккан.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДӨ | Ички дүң өнүм |
| МКВ | Мамлекеттик казна векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казна облигациялары |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| ДКН | Дүң кошумча нарк |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| АКЖК | Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| АЧМ | Айыл-чарба министрлиги |
| КР УБ | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| СФРБ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| GSCI-ag | Goldman Sachs Commodity Index-agricultural |